DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020

*Макыев А.Т., Шакиев Ш.О.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ АУДИТТИН ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

*Макыев А.Т., Шакиев Ш.О.*

# ТЕНДЕНЦИИ РАЗВИТИЯ АУДИТА В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

*A.T. Makyev, Sh.O. Shakiev*

# TRENDS IN THE DEVELOPMENT OF AUDIT IN KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 657.6.012.*

*Макала Кыргыз Республикасындагы көз карандысыз аудиттин, аудитордук ишмердүүлүктүн өнүгүүсүндөгү, учурдагы абалына жана келечектеги максаттарына арналат. Негизги милдет – аудитордук кызматты пайдалануучуларга керектүү маалыматтарды жеткирүү. Кыргыз Республикасында аудиттин учурдагы көрүнүшү коомдун экономикалык системасындагы өзгөрүүлөр менен шартталган жана аудит, анын ички түзүмү рынок экономикасынын талаптарына ылайык каржылык көзөмөл боюнча маанилүү элемент болуп саналат. Ал эми бүгүнкү күндө кылдат текшерүү башкача айтканда аудит биздин өлкөнүн экономикасына керектүү инструмент болуп, ал ишкердиктин бир түрү катары таанылды, көптөгөн дүйнөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын арасында илим катары айкын көрүнүп турат. Азыркы учурда ишканаларды текшерүү, контролдоо аларга рынок шартында башкача айтканда отчеттуулуктуктун эл аралык стандарттарына (МСФО) ылайык консультация берүүнү көз карандысыз аудиторлор тарабынан жүргүзүү керектиги айдан ачык көрүнүп турат.*

***Негизги сөздөр***: *аудит, аудитордук ишмердүүлук, эл аралык стандарт, финансылык отчеттуулук, көз карандысыз аудит, рынок экономикасы, өнүгүүсү.*

*Статья посвящена к развитию независимого аудита и аудиторской деятельности в Кыргызской Республики а также текущему состоянию и будущих целей. Основная цель состоит в том, чтобы пользователи аудиторских услуг получили требуемые информации. Текущее появление аудита в Кыргызской Республике обусловлено изменениями в экономической системе общества, и аудит, его внутренняя структура является важным элементом финансового контроля в соответствии с требованиями рыночной экономики. И сегодня тщательный аудит, то есть аудит, является необходимым инструментом для экономики нашей страны, он признан как вид предпринимательства и виден науке среди многих мировых и отечественных ученых. В настоящее время очевидно, что проверка, контроль предприятий должны проводиться независимыми аудиторами в рыночных условиях, то есть в соответствии с международными стандартами отчетности (МСФО).*

***Ключевые слова***: *аудит, аудиторская деятельность, международные стандарты, финансовая отчетность, независимый аудит, рыночная экономика, развитие.*

*The article is devoted to the development of independent auditing and audit activities in the Kyrgyz Republic as well as the current state and future goals. The main objective is to ensure that the users of the audit services receive the required information. The current appearance of audit in the Kyrgyz Republic is due to changes in the economic system of the company, and audit, its internal structure is an important element of financial control in accordance with the requirements of the market economy. Today, a thorough audit is a necessary tool for the economy of our country.it is recognized as a type of entrepreneurship and is visible to science among many international and domestic scientists. Currently, it is obvious that the audit and control of enterprises should be carried out by independent auditors in market conditions, i.e. in accordance with international reporting standards (IFRS).*

***Key words:*** *audit, audit activities, international standards, financial reporting, independent audit, market economy, development.*

Кыргыз Республикасында аудиттин учурдагы көрүнүшү коомдун экономикалык системасындагы өзгөрүүлөр менен шартталган жана аудит, анын ички түзүмү рынок экономикасынын талаптарына ылайык каржылык көзөмөл боюнча маанилүү элемент болуп саналат.

Ал эми бүгүнкү күндө кылдат текшерүү башкача айтканда аудит биздин өлкөнүн экономикасына керектүү инструмент болуп, ал ишкердиктин бир түрү катары таанылды, көптөгөн дүйнөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын арасында илим катары айкын көрүнүп турат.

Кыргызстандагы финансылык тартипти көзөмөлдөө боюнча кызматынын тарыхына көз чаптырып карасак анын пайда болушу, төрт этап менен жүзөгө ашырылган:

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



- ревизордук – 1960-жылга чейин;
- оптималдаштыруучу – 1960 -1975-жж.;
- функционалдык – 1975-1990-жж.;
- рыноктук (базар экономикасына ылайык) - 1990-жылдан башталган [4].

Аудитордук ишмердүүлүктүн өнүгүүсүнүн баштапкы этабында негизинен, ишканалардын ар бир жылдык бухгалтердик отчетторун жана ишканалардын иш-аракеттери жөнүндө маалыматтарды текшерүү менен укуктук базаны сактоо каралган.

Оптималдаштырүү этабында мекемелердеги жана өнөр жай тармактарындагы өндүрүштүк күчтөрдүн активдүү иш алып баруусу менен илимий-техникалык прогрesстин өнүгүшүнө байланыштуу болгон маселелер камтылган. Бул мезгил мүнөздүү көрүнүш болуп экономикалык тартипти көзөмөлдөө кызматы, анын ичинде бардык тармактарда математикалык ыкмалар жана компьютердик технологиялар боюнча кеңири таралган өнүгүү прогресси мезгилине туш болгондугу менен шартталган десек туура болот.

Функционалдык этапта республикада контролдоо өнүгүп, бирок чарбалык процесстердеги убактылуу кыйынчылыктар 20-кылымдын акыркы он жылдыгына таандык болгон десек жаңылышпайбыз. Негизги себептери болуп СССРдин курамындагы мамлекеттер өз алдынча эгемендүүлүккө умтулуу менен өзгөрүүлөрдүн башталуусу менен коштолгон.

Төртүнчү этапта – өлкөдө пландуу экономика иштебей калгандан кийин, базар экономикасын дүйнөлүк экономикага бириктирүү, менчиктин ар кандай түрлөрүн өнүктүрүү жана рынок экономикасынын шартында чарбалык субъекттерди башкаруу системасы техникалык жана стратегиялык максаттарды ишке ашыруудагы татаалдыктар менен байланыштуу болгон.

Бул этапта, экономикалык кыйынчылыктар менен күрөшүп контролдоо ролу жана көз карандысыз контролдоо үчүн зарыл болгон – аудит келип чыккан [4].

Азыркы учурда ишканаларды көз карандысыз текшерүү менен финансылык тартип бузууларды алдын алуу үчүн контролдоо жана аларга рынок шартында отчеттуулуктуктун эл аралык стандарттарына (МСФО) ылайык консультациялык кеңештерди берүүнү көз карандысыз аудиторлор тарабынан жүргүзүү керектиги айдан ачык көрүнүп турат.

Аудит бул ишканалардагы каржылык көзөмөлдүн көз карандысыз аудиторлор тарабынан жүргүзүүсү болуп саналат. Аудитордук ишканалар, жеке аудиторлор, ар түрдүү кызыкдар тараптар жана кызыкдар эмес да ар кандай ишканалардын жана уюмдардын атынан иш алып барышат, мисалы ошол эле укук коргоо органдарынын суроо-талаптары ж.б.у.с. [1].

Азыркы учурда көптөгөн аудитордук ишмердүүлүктүн эл аралык стандарттары (МСА) менен иш алып барган белгилүү дүйнөлүк жана жергиликтүү аудитордук уюмдар жана жеке аудиторлор Кыргызстандын рыногунда иш жүргүзүүдө. Мисалы карап көрсөк, Кыргызстандагы аудитордук кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногунда дүйнөдөгү эң алдынкы төрт эл аралык аудитордук компаниялар иш алып барышууда. Алар төмөндөгүлөр:

1. *"Deloitte & Touche*" компаниясы
2. *"KPMG Бишкек"* компаниясы
3. *“PricewaterhouseCoopers*" компаниясы
4. *"Ernst & Янг Аудит"* компаниялары [4].

2011-жылдан баштап дүйнөдөгү алдынкы он эл аралык аудитордук компанияларга кирген *"BDO Kazakhstan audit - Бишкек"* жана “*Baker Tilly Bishkek* ("Байкер Тилли Бишкек") компаниялары кызмат көрсөтүп баштаган.

Аудитордук ишмердүүлүк боюнча номативдик актыларда мезгил талабына жараша олуттуу өзгөрүүлөр болуп жатат, мисалы ЕАС, ШКУ, Бажы биримдиги жана башка уюмдардын алкагындагы ар кандай иш чараларды атап кетсек болот. Бул тенденциялар күндөн күнгө жакшы шарттар менен жаңылануууда [3].

Көз карандысыз аудитордук ишмердүүлүк боюнча мыйзамдык актылардын хронологиясы:

- ✓ 1993-ж. “КРнын аудитордук ишмердүүлүк боюнча убактылуу жобо”.
- ✓ 1998-ж. “КРдагы аудитордук ишмердүүлүк боюнча” биринчи мыйзам кабыл алынган.
- ✓ 2002-ж. “КРдагы аудитордук ишмердүүлүк боюнча мыйзам” (учурда иштеп жаткан)
- ✓ 2002-ж. КРнын Өкмөтүнүн токтому менен Аудиттин Эл аралык Стандарттары (МСА) Кыргыз Республикасында толук кабыл алынган.
- ✓ 2009-жыл. Каржылык рынокту жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик кызматы (Госфиннадзор) жөнүндө мыйзам кабыл алынган [4].

Төмөндөгү таблицада биздин өлкөдөгү аудитордук ишмердүүлүктүн 2003-жылдан 2019-жылга чейинки, б.а. аудитордук фирмалар, жеке аудиторлор жана сертификацияга ээ болгон жеке аудиторлордун санынын динамикасы чагылдырылган.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Таблица 1*

**Кыргыз Республикасындагы аудитордук фирмалардын жана аудиторлордун саны (2003-2019-жж.)**

| Көрсөткүчтөр | 2003 | 2007 | 2011 | 2015 | 01.01.2019 |
|---|---|---|---|---|---|
| **1. Аудитордук фирмалар анын ичинен:** | 8 | 47 | 72 | 101 | 119 |
| - Бишкек | 6 | 39 | 63 | 83 | 96 |
| - Ош | 2 | 6 | 7 | 12 | 13 |
| - Чүй | - | 1 | 1 | 1 | 3 |
| - Жалал-Абад | - | 1 | 1 | 2 | 4 |
| - Баткен/Ыссык-Көл/Нарын | - | - | - | 1/1/1 | 1/1/1 |
| **2. Жеке аудиторлор** | 1 | 17 | 27 | 27 | 35 |
| - Бишкек | 1 | 12 | 18 | 13 | 21 |
| - Ош | - | 2 | 3 | 2 | 2 |
| - Чүй | - | 2 | 3 | 7 | 9 |
| - Ыссык-Көл | - | 1 | 2 | 2 | 1 |
| - Нарын | - | - | 1 | 2 | 2 |
| **3. Сертификат алган аудиторлор** | 23 | 118 | 224 | 325 | 447 |

Бул маалыматтан көрүнүп тургандай бардык көрсөткүчтөр боюнча оң динамика байкалат. Аудитордук ишмердүүлүккө болгон кызыгуу күндөн күнгө көбөйүүдө.

*Таблица 2*

**Кыргыз Республикасындагы аудиторлордун жалпы кирешеси.**

| Аудиторлор | Аудитордук кызмат корсотуудон тушкон кирешелер. (млн.сом) | | |
|---|---|---|---|
| | 2005 | 2010 | 2016 |
| Аудитордук фирмалар | 61,8 | 103,2 | 418,0 |
| Жеке аудиторлор | 1,3 | 4,4 | 4,8 |
| баардыгы: | 170,2 | 183,1 | 422,8 |

2017-жылдагы Госфиннадзордун билдирүүсү боюнча кирешенин көпчүлүк бөлүгү 2016-жылы аудитордук текшерүүнүн эсебинен түзүлгөн - 68,6%, жана башка кызматтар менен - 22,5%, ошондой эле аудитордук кошумча кызмат көрсөтүүлөр - 8,9% [2].

Кыргыз Республикасында аудитти өнүктүрүү максатында 2015-жылдын 19-августунда Госфиннадзор тарабынан №1-н приказы менен "Аудитордук ишканаларды рейтингдик баалоо жөнүндө жобо" бекитилген.

Аудитордук уюмдардын рейтинги боюнча негизги критерийлер төмөндөгүчө:

1. Экономикалык көрсөткүчтөр боюнча (киреше, пайда, рентабелдүүлүк ж.б.) - 60 балл.

2. Кесипкөйлүүлүктүн деңгээли (аудиторлордун сертификатынын саны, орточо стажы, ички стандарттардын болушу, ыктыядуу аудит, квалификацияны жогорулатуу, МСАны колдонуу, эл аралык сертификаттар, окутууга кеткен чыгымдар ж.б.) – 160 балл.

3. Аудитордук уюмдун репутациясы (компаниянын тажрыйбасы, кардарлар, кесиптик бирикмелерге мүчө болуу, эл аралык каржы уюмдарынын аккредитациясы.) - 50 балл [2].

Рейтингдин жыйынтыктарынын негизинде аудитордук кызматты пайдалануучулар керектүү маалыматка таянып аудиторду тандап алуу мүмкүнчүлүкө ээ болушат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



2017-жылдын15-сентябрында финансылык рынок боюнча проектерди иштеп чыгуу Консультативдик комитетинин жумушчу тобунун катардагы отурумунда “Евразиялык экономикалык союздун аймагында аудитордук ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууну” талкуулоо боюнча кезектеги жыйын болуп өттү жана төмөндөгүдөй маселелер каралды:

1. Евразиялык экономикалык союзга мүчө болгон баардык өлкөлөрдө аудитордук ишмердүүлүк боюнча сертификатты жана лицензияны берүүдө бирдиктүү жол-жоболорду иштеп чыгуу менен уруксат берүү;

2. Башка мамлекеттердин аймагында аудитордук ишти жүзөгө ашырууда аудиторлордун ишинин сапатына тышкы көзөмөл жүргүзүү боюнча мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсү;

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Жаңы доорго кырк кадам" программасын ишке ашыруунун алкагында "Жарандардын, бизнес менен мамлекеттин ортосундагы түз байланышты максималдуу чектөө" максатында "Салыктык текшерүүлөрдү көз карандысыз аудитордук ишканаларга өткөрүп берүү" маселелерин талкуулоо жүрүүдө.

2018-жылдын 23-январында Госфиннадзор тарабынан атайын тегерек стол өткөрүлүп өлкөдөгү чарбалык субъекттердин пландаштырылган салыктык текшерүүсүн, аутсоринг милдеттерин аудитордук ишканаларга өткөрүп берүү маселелери каралды [4].

Жыйынтыгында мыйзамдык актыларга керектүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү маселеси сунушталды. Бул келечекте салыктык текшерүүлөрдүн объективдүүлүгүн камсыз кылат деп ишенебиз.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын “Аудитордук ишмердүүлүк боюнча” Мыйзамы, 30.07.2002. - №134.
2. Госфиннадзордун “Аудитордук ишканаларды рейтингдик баалоо жөнүндө жобосу”, 19.08.2015. - №1-н.
3. Аудиттин эл аралык стандарты. - Бишкек. 22.04.2003.
4. Абдиев М.Ж. Ауди”. - Бишкек, 2017.